# Мурдагы пайгамбарлардын сөздөрүнөн адамдарга кеңири тараганы: "Эгер уялбасаң, каалаганыңды кыла бер" деген сөз

Абу Масуд (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мурдагы пайгамбарлардын сөздөрүнөн адамдарга кеңири тараганы: "Эгер уялбасаң, каалаганыңды кыла бер" деген сөз".
[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлайт: мурдагы пайгамбарлардын осуяттарынан кылымдан кылымга өтүп эл арасында айтылып акыркы үммөткө чейин жеткен сөз: эмне кылганы жатканыңа кара, эгер ал ишиң үчүн уялбай турган болсоң, кыла бер. А эгер ал ишиң үчүн уяла турган болсоң, аны кылба. Анткени, жаман ишти кылуудан тосуп турган нерсе уяттуулук. Кимде уяты жок болсо, ал бардык жаман, бузук иштерди кыла берет.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee